Инв. 282

№2

„Семетей“ (перевод)

1982 г.

# Семетей.

Араб алтавитинде жазылган кол жазманын 232- бетинен баштап кочуро баштадым.

...языка, литерат...
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 282.
1982.

232-бет. Шыгайдын уулу Чынкожо,
4678 Чыныгы тийер кишинизди.
Чындап ачуум келгенде,
Сындырамын тишиңди.
Жоорутта мага тушуңду.
Бергин долу кушумду.
Кушумду алып бересиң,
Кушумду алып бербесең,
4878 Корулукту коросуң.
Кулчородон олосуң.
Абийириңди кетирсин,
Анан алып бересиң.
Абакамдын шуңкары,
Ак жибектен боосу бар.
Сен оздоңгон долудан,
Алтымыш кыз досу бар.
Манин абам Семетей,
Алтымыш түрсүн жүз кылып,
Ар канча айтар оозу бар.
Кутулбайсың кушумдан,
Куу тумшук чурок ушундан.
Деп Колоо далай кеп айтып.
Куйучу создон коп айтып.
Айчурок менен айтышып,
Анча мынча чартышып.
Кыздар менен эмчисин,
Келиндер менен тең айтып.
Тура турсуң Кумусуң.
Абайлаң Күлчүс жүрүшүн.
Эми Семетейдин кеби бар.

Секин айтаар эби бар.
Чоролору жанында.
Алда канча деми бар.
Үргөнчтө Акун каны бар.
Укпан сөздүн дайны бар.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алатурган зайбы бар.
Жөнө деп Семез Күлүстү,
Маслат кылды жүрүштү.
Чоролорун чогултуп,
Баштады Семез бул ишти.
Айланайын, жорон, деп.
Атамдан калган чором деп.
Айчүрөк келсе оңума.
Ак шумкар тийсе колума.
Чынкожо менен Толтойду,
Айдап жого салам деп.
Менин айтатурган кебим бар.
Чоролорум чогулуп,
Угатурган эбиз бар.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кандын кызын алдырган.
Кагазга атын салдырган.
Бектин кызын алдырган,
Белгисин катка салдырган.
Өзүнчө Үрөк жасатырган.
Ордого чепет бастырган.
Зымрат менен жасатпан,
Мойнуна тизит тактырган.
Окутуп молдо кылдырган.
Ойлонуп кезеш тындырган.
Баарыбызды сурайт дейт,

Масламаны билет дейт.
Баарыбыз кыргыз калкына,
Барсак деп самап жургон дейт.
233-б. Белгилуу туркмон журттардан.
Перидей болгон кыздардан.
Атасы калкына жарктуудан.
Энеси нече нарктуудан,
Суйлошуп созго кансак деп,
Билбегенсип барсак деп.
Атам манас адаты,
Кылып откон санаты.
Бирoон тандап алсак деп.
Армансыз болуп калсак деп.
Бул кеңешим кандай деп.
Бул дагы сенин байдаң деп.
Айныткалын чунактар,
Алабыз муну кайдан деп.
Кудайберген кыздарды,
Курдаш кылып алчу деп.
Санатын коруп чакырып,
Сырдаш кылып алчу деп.
Калдайып калың коч болуп,
Кан бакайга барчу деп.
Айтып созун болдурду,
Султаның суйлоп олтурду.
Чоролор турду дабырап,
Бирден суйлоп жабырап.
Аязкам неме айтат деп,
Аземи журттан артат деп.
Ошол айт созунон,
Кандай чоро кайтат деп.
~~Ошол айткан созунон~~
Чиндим айтты чын кеп деп.

Нема болду лил кат дет.
Мурадил айтты муңуз дет.
Абам айтты сырын дет.
Абамдын сөзүн кайтарбай,
Бир кызалам чыным дет.
Жаш айдар айтты неме дет.
Акылын абам тапты дет.
Мурун соңку сөзүнөн,
Бул кезеңи жакты дет.
Кан Турсун айтты кандым дет.
Кантип сөздөн жандым дет.
Тандап туруп бир кызды,
Тартынбастан алдым дет.
Аваз айтты оң кет дет.
Олуту бар чоң кет дет.
Ирак айтты рас кет дет.
Бизге фарз кылат дет.
Катын албай чоролор.
Кантип чыдап турат дет.
Канбар фриян Рустам,
Керкөкүл фриян Тыныстам.
Абакем неме айтат дет,
Алдында сүйлөп турушкан.
Омор менен Жаныш,
Чоролордун калысы.
Башынан аяк чоролор,
Маңгул көргөн барысы.
Калык менен Сулайман.
Калемде жазуу кудайдан.
Катын алып кетебиз.
Кан абам айткан бу жайдан.
Төлөгөн фриян Жанкара